# Пресс-релиз

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы эсептик чен өлчөмүн 10 пайыз деңгээлинде калтыруу чечимин кабыл алды

Улуттук банк Башкармасы 2015-жылдын 28-декабрында эсептик чен өлчөмүн 10,00 пайыз чегинде калтыруу чечимин кабыл алды.

Республиканын соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрүндө экономикалык иш жигери басаңдап жаткан шартта, Кыргыз Республикасында да төмөндөөгө ык коюу тенденциясы орун алып, анын ичинде “Кумтөр” алтын кенин казып алуу ишканаларында өндүрүш көлөмүнүн кыскарышынан улам да басаңдоолор байкалып жаткандыгына карабастан, экономикалык алгылыктуу өсүш арымы сакталууда. 2015-жылдын январь-ноябрь айларынын жыйынтыгы боюнча өлкөдө экономикалык өсүш, “Кумтөрдү” эске албаганда 3,6 пайызды, айкын ички дүң өнүмдүн өсүшү 3,8 пайыз чегинде катталган (2014-жылдын январь-ноябрь айларында ички дүң өнүмдүн өсүшү 4,0 пайызды, “Кумтөрдү” эске албаганда 4,8 пайызды түзгөн эле).

Декабрь айында (18ине карата) инфляция жылдык туюндурууда ноябрь айындагы 3,8 пайыздан төмөндөп, 3,0 пайызды түзгөн. Бул эң башкысы, нан  жана эт азыктарына, ошондой эле күйүүчү-майлоочу материалдарга карата ички баанын төмөндөшү менен шартталган.

Мындан аркы инфляция валюта рыногунда түптөлгөн жагдайга, Европа экономикалык бирлигинин алкагында тышкы соодалык өз ара мамилелердин өөрчүшүнө, мамлекеттик бюджеттин чыгашаларынын бирдей ченемде бөлүштүрүлүшүнө жана калайык-калктын инфляциялык күтүүлөрүнө жараша аныкталат.

Улуттук банк мындан ары да өлкө экономикасында түптөлгөн жагдайга мониторинг жүргүзүүнү улантып, мыйзамдарда аныкталган ыйгарым укуктарына жараша акча-кредит саясаты боюнча тиешелүү чараларды кабыл алат.

Акча-кредит саясаты, анын орто мөөнөткө каралган негизги багыттарына ылайык инфляцияны ушул мезгил аралыгында 5-7 пайыз деңгээлинде чектеп турууга багытталат.

Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү маселесин кароого алган кийинки отуруму 2016-жылдын 29-февралына пландаштырылган.